**БЕКИТЕМИН**

С.Нааматов атындагы НМУнун
Агрардык техникалык-экономикалык
колледжинин Педагогикалык кеңешинде
каралды жана бекитилди

«13» 10 202__ -жыл Протокол №2

АТЭКтин директору________Жаныбек у Р

# АГРАРДЫК ТЕХНИКАЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИНИН КАРЬЕРА БОРБОРУНУН ЖОБОСУ

***Карьера борборунун максаттары:***

- АТЭКтин студенттери менен бүтүрүүчүлөрүнүн иш менен камсыз болуусуна колдоо көрсөтүү;
- АТЭКтин студенттери менен бүтүрүүчүлөрүнүнө маалыматтык-консультативдик колдоо көрсөтүү;
- Жумуш берүүчүлөр менен тыгыз ар тараптуу байланыштарды өнүктүрүү.

Карьера борбору АТЭКтин студенттери менен бүтүрүүчүлөрүнө эмгек рыногунда ыңгайлашууга, өзүн көргөзүүнүн көндүмдөрүнө ээ болууга, жумуш берүүчүлөр менен өз ара мамилелерин калыптандырууга маалыматтык, консалтингдик жана профориентациялык жардам көргөзөт.

***Карьера борборунун миссиясы:***

АТЭКтин студенттери менен бүтүрүүчүлөрүнүн карьерасын өз алдынча пландоосун жана куруусун мотивдештирүү, заманбап эмгек рыногуна ыңгайланышууна жардам көрсөтүү жана кесиптик жактан өзүн толук реализациялоосуна колдоо көрсөтүү.

## 1. Жалпы жоболор.

1. Карьера борборунун түзүлүүсү учурдагы кесиптик билим берүүнүн жана эмгек рыногунун күн сайын өсүп жаткан талаптарына түздөн түз байланыштуу. Ага ылайык, окуу жайдын жумуш берүүчүлөр менен түзүлгөн байланыштарын мындан ары да өнүктүрүү, окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүнүн иш менен камсыз болуусуна түздөн-түз колдоо зарылчылыктары өсүүдө. Карьера борбору жумуш берүүчүлөр, студенттер жана бүтүрүүчүлөр менен иш алып баруучу структуралык бөлүм.

2. АТЭКтин карьера борбору окуу жайдын студенттери жана бүтүрүүчүлөрүнүн жумушка орношуусу, ийгиликтүү карьера жасоосу, профессионалдык өсүүсү жана өнүгүүсүнө маалыматтык-консультативдик колдоо көрсөтүүчү структуралык бөлүм. Ал окуу жайдын студенттери жана бүтүрүүчүлөрүнүн өздөрүнүн кесиптик ишмердүүлүгүндө азыркы учурдагы заманбап эмгек рыногунда интеграциялануусуна ар тараптуу колдоо көрсөтөт. АТЭКтин карьера борборунун өзгөчөлүгү - жумушка орношуу жана карьералык өсүүсүнө байланыштуу маселелери боюнча окуу жайдын студенттери үчүн жолугушууларды, лекцияларды, семинарларды, тренингдерди, мастер-класстарды, сурамжылоолорду жана башка иш чараларды жүргүзөт.

## 2. Карьера борборунун миссиясы.

АТЭКтин студенттери менен бүтүрүүчүлөрүнүн карьерасын өз алдынча пландоосун жана куруусун мотивдештирүү, заманбап эмгек рыногуна ыңгайланышууна жардам көрсөтүү жана кесиптик жактан өзүн толук реализациялоосуна колдоо көрсөтүү.

## 3 Карьера борборунун ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары.

1. ***Студенттердин ишке орношуусуна жана практикалык ишмердүүлүккө ыңгайланышуусуна колдоо көрсөтүү***:

1.1. Студенттердин эмгек рыногунда өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн эффективдүү сунуштоонун көндүмдөрүн калыптандырууга консультативдик жардамдарды (тренингдер, семинарлар жана портфолио, резюме түзүүнүн, жумуш берүүчүлөр менен аңгемелешүүнүн ыкмалары ж.б. у.с.) көргөзүү;

1.2. Студенттерди Борбордогу вакансиялар жөнүндөгү маалыматтар, жумуш берүүчү компаниялардагы стажировкалар, практикалар, окуу курстары менен тааныштыруу;

1.3. Ар түрдүү окуу жайлардагы карьераны өнүктүрүү боюнча иш чараларды, вакансиялардын ярмаркасы, карьера күндөрү, ишке орноштуруу боюнча көргөзмөлөр, жумуш берүүчү компаниялар тууралуу маалыматтар менен;

1.4. Студенттердин резюмелеринин маалыматтар банкын түзүү;

1.5. Студенттерге эмгек рыногу боюнча жана рекрутингдик (ортомчу) компаниялардын рейтинги ж. б. боюнча маалыматтарды жеткирүү;

1.6. Ишке орношуу маселелери боюнча консультацияларды жүргүзүү.

2. ***Ишке орноштуруу борборлору, кызматтары жана рекрутингдик компаниялар менен байланыштарды түзүү жана жүргүзүү:***

2.1. Ишке орношуу жана карьераны өнүктүрүү маселелери боюнча рекрутингдик компаниялар менен биргеликте профессионалдык семинарларды, тренингдерди, ж.б. иш чараларды өткөрүү;

2.2. Ишке орноштуруу борборлору, кызматтары, рерутингдик компаниялар боюнча маалыматтарды таркатуу;

2.3. Ишке орноштуруу борборлорундагы, кызматтарындагы, рерутингдик компаниялардагы вакансиялар боюнча маалыматтарды таркатуу;

3. ***Жумуш берүүчү мекеме, ишканалар менен кызматташуу:***

3.1. Жумуш берүүчү мекеме ишканалар менен узак мөөнөттөгү байланыштарды түзүү;

3.2. АТЭКтин студенттер жана бүтүрүүчүлөрү үчүн жумуш берүүчү мекеме, ишканалар тууралуу презентацияларды даярдоо жана өткөрүү;

3.3. Жумуш берүүчү ишкана, мекемелердин өкүлдөрү менен биргеликте уденттери жана бүтүрүүчүлөрү үчүн мастер-класстарды, кейстерди ж.б.иш-чараларды жүргүзүү;

3.4. АТЭКтин студенттери үчүн вакансиялардын ярмаркаларын жана карьера күндөрүн өткөрүү;

3.5. Вакансиялардын маалымат банкын түзүү;

3.6. Мекеме, ишканалардын вакансиялары тууралуу маалыматтарды студенттерге жеткирүү;

3.7. АТЭКтин студенттери үчүн сертификаттар берилүүчү кесиптик курстарды уюштурууга катышуу;

3.8. АТЭКтин студенттери жана бүтүрүүчүлөрүнө мекеме, ишканалар тарабынан жүргүзүлүп жаткан акциялар боюнча пайдалуу маалыматтарды жеткирүү;
3.9. Мекеме, ишканаларда жүргүзүлүүчү иш чараларга (ачык эшиктер күнү ж.б.) катышуу;
4.0. Жумуш берүүчү мекеме, ишканалар менен кызматташуунун жаңы формаларын туруктуу издөө.
4. ***Ишке орноштуруу кызматтары жана башка окуу жайлардын карьера борборлору менен кызматташуу***:
4.1. Ишке орноштуруу кызматтары жана башка окуу жайлардын Карьера борборлору менен туруктуу кызматташуу;
4.2. АТЭКтин кесиптик билим берүү программалары боюнча презентацияларды даярдоо жана жүргүзүү;
4.3. Окуу жайларда өткөрүлүүчү карьера күндөрү жана вакансипялардын ярмаркаларына катышуу;
4.4. Окуу жайлар арасындагы эмгек рыногуна байланыштуу иш чараларга катышуу;
4.5. Башка окуу жайлардын карьера борборлору менен кызматташуу.
5. ***Бүтүрүүчүлөр менен кайтарым байланыштарды камсыздоо:***
5.1. Бүтүрүүчүлөр жана бүтүрүүчүлөрдүн ассоциациясы менен эки тараптуу стабилдүү байланыштарды кармап туруу;
5.2. Ийгиликтүү бүтүрүүчүлөр менен жолугушууларды уюштуруу;
5.3. Бүтүрүүчүлөр иштеп жаткан мекеме, ишканалардын презентацияларын даярдап студенттерге тааныштыруу;
5.4. Бүтүрүүчүлөрдүн ассоцациясы менен тыгыз кызматташуу, жолугушууларды уюштуруу, алардын карьера түзүүдөгү ийгиликтери, тажрыйбалары менен студенттерди тааныштыруу;
5.5. Бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болуусуна жардам көрсөтүү, маалыматтар менен камсыздоо;
5.6. Бүтүрүүчүлөрдүн резюме банкын түзүү;
5.7. Ишке орношуу жана карьераны пландоо маселелери боюнча консультативдик жардамдарды жүргүзүү.
***6. Аналитикалык иштерди жүргүзүү***:
6.1. Эмгек рыногуна мониторинг жүргүзүү, тармактар боюнча ишке орношуу перспективалары боюнча анализ жүргүзүү;
6.2. Борбордун өнөктөштөрүнүн маалымат базаларын: жумуш берүүчү мекеме ишканалардын маалымат базасын, жумушка орноштуруу кызматтарынын маалымат базасын, башка орто кесиптик билим берүү мекемелеринин карьера борборлорунун маалыма базаларын түзүү жана туруктуу жаңыртып туруу;
6.3. Мекеме, ишкана, компаниялардын рейтингдерин аныктоо боюнча аналитикалык иштерди жүргүзүү;

6.4. Эмгек рыногу жана жаш адистердин ишке орношуу практикалары боюнча статистикалык жана аналитикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү, конкреттүү сунуштамаларды иштеп чыгуу;
6.5. Студенттерге жана бүтүрүүчүлөргө социологиялык сурамжылоолорду жана анкеталарды жүргүзүү;
6.6. АТЭКтин сайтында Карьера борбору боюнча бөлүмдү түзүү жана маалыматтарды жаңыртып туруу;
6.7. Башка окуу жайлардын карьера борборлорунун иш тажрыйбаларына анализ жүргүзүү.

***7, АТЭКтин активдүү жарнамалык иштерин жүргүзүү:***

7.1. АТЭКтин сайтындагы Карьера борбору тууралуу маалыматтарды туруктуу жаңыртып туруу;
7.2. Окуу жайлар арасында АТЭК тууралуу активдүү жарнамаларды жүргүзүүгө катышуу, АТЭКтин жарнамалык продукцияларын (жарнамалык буклеттер, баракчалар, жарыялар ж.б.) активдүү таркатуу;
7.3. Мекеме, ишканалар менен эмгек рыногуна тиешелүү багыттардагы маселелер боюнча мамилелерди түзүү жана жүргүзүү, алардын акцияларына катышуу;
7.4. Жумуш берүүчү ишкана, мекемелердин коомчулук менен байланышуу бөлүмдөрү менен кызматташуу;
7.5. АТЭКте же окуу жайдын катышуусундастуденттер жана бүтүрүүчүлөр үчүн вакансиялардын ярмаркаларын, карьера күндөрүн уюштуруу жана өткөрүү;
7.6. Бүтүрүүчүлөрдү иш менен камсыздоого багытталган көргөзмөлөргө жана иш чараларга катышып туруу;
7.7. ММКга жарнамаларды чыгарып турууга катышуу;
7.8. АТЭК жөнүндөгү статистикалык жана башка маалыматтарды жаңыртып турууга катышуу;

## 4. Карьера борборунун структурасы

1. Карьера борбору Агрардык техникалык-экономикалык колледжинин структуралык бөлүмү болуп саналат.
2. Карьера борборунун ишмердүүлүгүн Карьера борборунун башчысы жүргүзөт жана белгиленген милдеттенмелердин аткарылышына жоопкерчиликти өзүнө алат. Карьера борбору Агрардык техникалык-экономикалык колледжинин структуралык бөлүмү катары Педагогикалык кеңештин чечимдерине, колледждин директоруна жана админстрациясына баш ийет.
3. Борбордун кызматкерлеринин штаты жана саны окуу ректор тарабынан бекитилет.
4. Борбордун кызматкерлеринин функционалдык милдеттери жана иштөө тартиби окуу жайдын кадрлар бөлүмүнүн башчысы тарабынан иштелип чыгып АТЭКтин директору тарабынан бекитилет.
5. Карьера борборунун ишмердүүлүгү ушул жобого ылайык жөнгө салынат.

## 5. Карьера борборунун милдеттери

1. Борбор өз ишмердүүлүгүн ушул жобонун 3-бөлүмүндө көрсөтүлгөн тартиптерге ылайык жүргүзүүгө милдеттүү;
2. Карьера борбору жыл сайын окуу жайдын Педагогикалык кеңешине аткарылган иштери тууралуу отчет берип турат.

## 6. Карьера борборунун ыйгарым укуктары

1. Карьера борбору жетекчиликтин кароосуна Борбордун иш алып баруусун жакшыртууга багытталган сунуштарды киргизүүгө укуктуу.
2. Карьера борбору структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилеринен, адистерден Борбордун функцияларын аткарууга зарыл болгон маалыматтарды жана документтерди суроого жана алыууга укуктуу.